**1.Дисциплинанын максаты жана милдеттери**

.Адам жана коом предмети коомду заманбап өнүктүрүү үчүн зарыл болгон коомдук талаптарды сунуштаган студеттердин арасында жигердүү жарандардын пайда болушуна өбөлгө түзөт, муну менен катар өздөрүнүн жарандык милдетин аткаруу менен өз мекенине татыктуу жашоого, коомдук жана саясий турмушка жигердүү жарандардын пайда болушуна жетише алат. Муну баарын адам жана коом жөнүндө билбей туруп жасоо мүмкүн эмес. Ушул курсту үйрөнүүдө учурлардын билими, ал кандай кырдаалда кандай гана кесиптин ээси болбосун кандай гана социалдык жана экономикалык абалына карабастан өзү менен өмүр бою ордун алып, жардам берип, иш жүзүндө ыйгарым негиздерди камсыз кылат, ал өзүн-өзү таанууну ишке ашырууга өбөлгө түзөт ж.б.

**«Адам жана коом» окуу предметинин максаты** - саясий-укуктук, экономикалык жана маданий көрүнүштөр жана жараяндар жөнүндө билимдердин, жарандык (жаран таануучулук) компетенциялардын топтомуна ээ болуунун, социумга жана инсанга карата калыптанган адеп-ахлактык-баалоо мамилесинин негизинде азыркы коомдо ыңгайлашууга жана натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп саналат.

**«Адам жана коом» предметин окутуунун милдеттери**

-маалыматты издөөгө жана өз алдынча түшүнүүгө кызыктыруу.

- Сынчыл ой жүгүртүү, рефлексия көндүмдөрүн жана билдирүүлөрдүн тексттерин түшүнүүнү калыптандыруу.

-Социалдык мейкиндикте өз алдынча багыт алуу жөндөмдүүлүгүн, социалдык өзгөрүүлөргө конструктивдүү реакциясын, жеке статустук позициясын табууну жана ага тийиштүү социалдык ролду аткаруу жөндөмдүүлүгүн жаратуу.

- адамзаттын азыркы глобалдык көйгөйлөрү, ошондой эле аларды чечүүнүн жолдору жана перспективалары жөнүндө түшүнүк берүү

-Коомдук жашоону уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн закон ченемдүүлүктөрүнүн мүнөзүн, жана азыркы замандагы глобалдык көйгөйлөрдүн табиятын түшүндүрүү.

- Гендердик ролдорду калыптандырууда тарыхый өзгөрүүлөрдү жана социалдык - саясий факторлорду түшүнүүсүн камтуу менен, табигый жана социалдык өз ара иштешүүнүн принциптерин түшүнөт, социалдык мейкиндиктин (ноосфера) жана социалдык убакыттын түзүлүшүнүн жана ишинин өзгөчөлүктөрүнө багыт алуу.

- Кыргызстандын экономикалык, укуктук жана саясий түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн түшүнөт, Кыргызстандын коомунун эволюциясынын негизинде жаткан себеп-натыйжалаш байланыштарды аныктай алат, ошондой эле бүтүндөй планетадагы бардык социалдык жараяндардын глобалдык өз ара көз карандылыгын баамдай алат.

**2. Дицсиплинанын негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду:** Жалпы билим берүү дисциплина. Базалык бөлүм-8.

Адам жана коом дисциплинасы жалпы билим берүү дисциплиналардын бири. Адам жана коом мектеп программасынан баштап окутулуп, орто окуу жайларында 10-11- класстын программасынын негизинде окутулат. Социалдык билим берүү тармагынын башка предметтерине – “Тарых”,”Укук таануу” “Экономика” жана “Этика” предметтери менен бүтүндүгү жана улантуучулугу бирдиктүү мазмундук тилкелердин аркасы менен камсыздалат.

Сабактар 9 база боюнча 1- жана 2-жарым жылдыктарга пландаштырылган. Окуу планы боюнча жалпы 40саат бөлүнгөн, практикалык иш**.**

**3. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:**

**Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студенттер:**

**Алган билимин жана билгичтиктерин жеке ишинде жана күндөлүк турмушта төмөнкүлөр үчүн колдоно алат:**

- таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, маалыматты сынчыл кабыл алуу;
- ар кандай социалдык топтор, институттар, уюмдар менен жигердүү өз ара иштешүү процессинде маанилүү социалдык ролдорду аткаруу;
- социалдык иште келип чыгуучу турмуштук көйгөйлөрдү чечүү;
- Кыргыз Республикасында болуп жаткан социалдык-саясий жараяндарга карата жеке жана жарандык позицияларын аныктоо;
- жеке социалдык иш-аракеттеринин жана конкреттүү жагдайларда аракетсиздигинин мүмкүн болгон кесепеттерин баалоо;
- окуяларды жана адамдардын көз карашын моралдык жана укуктук көз караштан баалоо;
- жарандык жана жеке укуктарды жүзөгө ашыруу жана коргоо;
- өзүнүн жарандык милдеттерин түшүнүү менен аткаруу;
- башка маданий баалуулуктардын, саясий ынанымдардын, жашоо образынын адамдары менен конструктивдүү өз ара аракеттешүү.

**3.1.Студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр:**

**НК-1.Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучулар маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрүшөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырышат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Жалпы мазмундан негизги ойду бөлө алат. Айлана - чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн ар кандай куралдарын пайдалануу жөндөмдүүлүгү

**НК-2.Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Студенттер сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат. Башка адамдар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү.

**НК-3.«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы. Студенттер өзүнүн көз карашын ар түрдүү ойлорду эске алуу менен иретке келтиришет, чыр-чатактарды чече алышат. Адамдын өз жашоосун пландаштыруу, башкаруу жана өз алдынча аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

**.Предметтик компетенттүүлүктөр**.

**ПК-1.Жарандык-укуктук** – чечилүүчү милдеттерге жана түзүлгөн жагдайларга жарандык-укуктук билимдерин жана көндүмдөрүн колдонуу жана ыңгайлаштыруу, өзүнүн жарандык позициясын ээлөө жана жактоо, өзүнүн жарандык демилгелерин жүзөгө ашыруу, укук тартибин сактоого көмөктөшүү жөндөмдүүлүгү.

**ПК-2.Социалдык-экономикалык** – коомдун социалдык-экономикалык жашоосуна байланыштуу жагдайларды, көрүнүштөрдү, маалыматтарды өз алдынча баамдоо, өзүнүн жүрүм-турумун жашоонун конкреттүү жагдайларына ылайыкташтыруу, экономикалык максатка ылайыктуулуктун, укуктук логиканын, эстетикалык ченемдердин негизинде чечимдерди кабыл алуу, командалык иштин алкагында коюлган максаттарды натыйжалуу чечүү жана көйгөйлөрдөн чыгуунун жолун табуу жөндөмдүүлүгү.

**ПК-3.Баалуулук-багыттык** – реалдуу дүйнөгө баалуулук катары мамиле жасоо, жеке максаттарды жана маанилерди аныктоо, өзүнүн жеке жашоосунда аларды долбоорлоо жана ишке ашыруу, өзүнүн жеке максаттарын жана умтулууларын башка адамдардын жанасоциалдык топтордун кызыкчылыктары менен айкалыштыра билүү, алынган маалыматты сынчыл баамдоо жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгаруу жөндөмдүүлүгү

**Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар:**

Программа студенттердин предметтик жана базалык компетенциялардын калыптануусун көздөйт. «Адам жана коом» предметин окуунун натыйжасында студент:

**Билет / түшүнөт:**

- инсандын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн, социалдаштыруунун негизги баскычтарын, коомдук мамилелер системасында социалдык статустарды жана инсандын социалдык ролун аныктоочу факторлорду;
- татаал система катары коомдук базалык мүнөздөмөлөрүн, эң маанилүү социалдык институттардын жана механизмдердин өзгөчөлүктөрүн, алардын инсанга карата таасирин;
- социалдык ченемдердин, социалдык мамилелерди жөнгө салуунун ыкмаларынын, социалдык санкциялардын топтомунун маанисин;
- социалдык тутумчалардын (экономика, саясат, маданият) түзүлүшүнүн жана ишинин спецификасын;
- Дүйнөлүк Коомдоштуктун жана глобалдаштыруу жараяндарынын мүнөздөмөлөрүн.

**Аткара алат:**

- олуттуу белгилерин жана өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүктөрүн бөлүп кароо менен негизги социалдык объектилерди сүрөттөөнү;
- коом таануунун терминдерин жана түшүнүктөрүн реалдуу окулуучу социалдык көрүнүштөрдүн өзгөчөлүктөрү жана белгилери менен салыштырууну;
- социалдык көрүнүштөрдүн (адам жана коом; коомдук институттар жана табигый чөйрө, коом жана маданият) өз ара аракеттешүүсүнүн себеп-натыйжалаш жана функционалдык байланыштарын түшүндүрүүнү;
- ар кандай булактардан фунционалдуу маанилүү маалыматты издөөнү; - иретсиз социалдык маалыматты системалаштырууну, талдоону жана жалпылоону; анда фактыларды жана пикирлерди, аргументтерди жана корутундуларды айырмалай билүүнү;
- актуалдуу социалдык маселелер боюнча аргументтелген жеке көз карашын түзүүнү;
- социалдык ченемдер, саясий максатка ылайыктуулук жана экономикалык рационалдуулук көз карашынан алганда адамдардын иш-аракеттерин баалоону.

**4. Дисциплинанын мазмуну.**
**4.1. Практикалык сабактын мазмуну.**

| № | Бөлүмү ББөлүм | Практикалык сабактын темасы. | Сааты | Талкууланууучу суроолор. | Текшерүү формасы | Студенттер ээ болуучу компетен-циялардын индекси | Күтүлүүчү натыйжалар. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | Киришүү. Адам деген ким? (Адамдын философиясы.) | 2 | 1.Адам деген ким?(Адамдын философиясы.)<br>2.Адамдын келип чыгышы.<br>3.Адам цивилизациясынын тарыхы. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, кластер түзүү. | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Адам, субъект, акыл-эс тууралуу түшүнүктөргө аныктама берет;<br>Адамдын биосоциалдык маңызы. Ой-жүгүртүүнүн адамдын жашоосундагы ролу жана мааниси тууралуу маалыматтарды анализдеп,чыгармачыл эмгек даярдайт |
| 2. | | Коомдун социалдык түзүмү. | 2 | 1.Коомдун социалдык түзүмү.<br>2.Социалдык стратификация: мүнөздөмөлөрү, түрлөрү жана өлчөмдөрү.<br>Тарыхтагы социалдык катмарлашуусунун түрлөрү. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Социалдык топ, социалдык стратификация, социалдык мобилдүүлүк, социалдык дифференциация түшүнүктөрүнүн анализдейт - социалдык топтордун белгилери, кызыкчылыктары боюнча практикалык ишмердүүлүк жүргүзөт |
| 3. | | Баарлашуу. | 2 | 1. Баарлашуу, анын түрлөрү, функциялары.<br>2.Баарлашуудагы тоскоолдуктар.<br>3. Каражат-тарды туура колдонуу жана эффективдүү баарлашуу-нун методдору. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, кластер түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Баарлашуу, анын түрлөрү, функциялары тууралуу маалыматтарды топтоп, практикалык ишмердүүлүк жүргүзөт; - баарлашуудагы тоскоолдуктар, каражат-тарды туура колдонуу жана эффективдүү баарлашуу-нун методдору боюнча чыгармачыл эмгек даярдайт |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | | Маданият жана коом. | 2 | 1. Маданият жана анын негизги түрлөрү, функциялары.<br>2. Маданий баалуулуктар.<br>3. Маданияттын коомго тийгизген таасири. | Фонталдык суроолор, өз алдынча иш, тест,синквейн түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Маданияттын формалары жана функциялары, көп түрдүүлүгү тууралуу маалыматтарды анализдейт; - маданий баалуулуктар жана нормалар тууралуу өз көз карашын билдирип, топтор менен маданият тууралуу чыгармачыл эмгек даярдайт |
| 5. | | Мамлекет түшүнүгү, мамлекет түзүлүшүнүн жана башкаруунун формалары. | 2 | 1.Мамлекет түшүнүгү, мамлекеттин белгилери.<br>2.Мамлекеттин түзүлүшү формалары.<br>Мамлекеттин башкаруу формалары. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, кластер түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Мамлекеттин келип чыгышы, негизги белгилери, түзүлүшү, башкаруу формалары жөнүндө кластер, кроссворд түзөт. |
| 6. | | Жарандык укук. Келишимдик мамилелер. | 2 | 1 Жарандык укук жана функциялары,булактары.<br>2. Жарандык укуктун мамилелер,<br>бүтүмдөр.<br>3. Келишимдик мамилелер. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Жарандык укук жана функциялары, булактары боюнча анализ жүргүзүп келишимдик мамилелер,бүтүмдөр тууралуу талкуу жүргүзөт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7. | | КРсында бийликтин бөлүнүшү (КРдагы бийликтин жергиликтүү органдары). | 2 | 1. Мыйзам чыгаруу бийлиги.<br>2. Аткаруу бийлиги.<br>3. Сот бийлиги. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Бийликтин бөлүнүшү, “чектөөлөр жана тең салмаксыздык” системасы боюнча пикирин билдирет - мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигин функцияларын, ишмердүүлүгүн негизги жана кошумча булактарды пайдаланып, анализдейт, бул боюнча чыгармачыл эмгек даярдайт. |
| 8. | | Чыр-чатак. Эмоциялар жана чыр-чатак, чыр-чатаксыз жашоо мүмкүнбү? | 2 | 1. Чыр-чатактын мааниси жана түрлөрү.<br>2. Эмоция менен чыр-чатактын байланышы.<br>3. Чыр-чатаксыз жашоо мүмкүнбү? | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Чыр-чатактын мааниси жана түрлөрүн аныктайт.<br>Эмоция менен чыр-чатактын байланышына анализ берет.<br>Чыр-чатаксыз жашоо мүмкүнбү? деген суроону талкуулайт. |
| 9. | | Өндүрүүчүнүн жана керектөөчүнүн экономикасы. | 2 | 1. Эмгектин бөлүнүшү.<br>2.Эмгектин бөлүнүшү, чыгаша жана киреше, керектөө<br>жана кызмат көрсөтүү.<br>3.Эмгек келишимин түзүп, жумуш жана эс алуу убактысын аныктоо. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Эмгектин бөлүнүшү, чыгаша жана киреше, керектөө жана кызмат көрсөтүү түшүнүктөрүнө аныктама берет - практикалык түрдө Эмгек келишимин түзүп, жумуш жана эс алуу убактысын аныктап, өзүн тартипке салуу жана жоопкерчилик тууралуу пикирин билдирет |
| 10. | | Рынок (Рыноктук экономиканын принциптери жана түрлөрү Рынокто баанын түзүлүшү.) | 2 | 1.Рыноктук экономиканын принциптери жана түрлөрү.<br>2.Базар экономикасы жана пландуу экономика.<br>3. Базар экономикасынын өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,схема түзүү. | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Рынок, атаандаштык, монополия, олигархия, полиполия, суроо-талап, сунуш, тең салмактуулук түшүнүктөрүнө аныктама берет, классификациялайт; - рыноктун түрлөрү, минимизация жана максимизация принциби, суроо-талаптын жана сунуштун мыйзамы, рыноктогу тең салмактуулук тууралуу маалыматтарды анализдеп, чыгармачылык эмгек даярдайт. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | | Инсан жана анын көп кырдуулугу. | 2 | 1. Индивид,Индивидуалдык,Инсан түшүнүктөрү.<br>2. Инсандын психологиялык түзүлүшү.<br>3. Инсандын калыптануусуна табигый жана социалдык шарттардын таасири. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Индивид, индивидуалдуулук, инсан түшүнүктөрүнө аныктама берип, инсан боюнча чечмелөөлөрдү классификациялайт, өз жыйынтык пикирин билдирет; - инсандын психологиялык түзүлүшү, инсандын калыптануусуна табигый жана социалдык шарттардын таасири маалыматтарды анализдеп, чыгармачыл эмгек даярдайт. |
| 12 | | Жеке жашоону башкаруу жана баалоо. | 2 | 1.Адамдагы биологиялык жана социалдык башталыштар<br>2. Өзүн-өзү баалоо, максатка умтулуу, жетишкендиктер.<br>3..Турмуштук багытты кантип туура тандоо керек? Өзүнүн жашоосунун сапаттуулугун кантип баалоого болот? | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Адамдагы биологиялык жана социалдык башталыштар, өзүн-өзү баалоо, максатка умтулуу, жетишкендиктер тууралуу маалыматтарга талдоо жүргүзөт; - турмуштук багытты кантип туура тандоо керек? өзүнүн жашоосунун сапаттуулугун кантип баалоого болот? деген суроолорго жооп берип, пикирин билдирет. |
| 13 | | Глобализация жана адамдын коопсуздугу (Глобалдык көйгөйлөр). | 2 | 1.Глобалдык проблемалар, алардын планеталык мүнөздө курчушунун себептери жана аларды чечүүнүн жолдору.<br>2.Глобалдашуу процесси андагы адамдын коопсуздугу.<br>3.Глобалдык проблемалардын өз ара байланышы. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Глобалдык проблемалар, алардын планеталык мүнөздө курчушунун себептери жана аларды чечүүнүн жолдору, глобалдашуу процесси адамдын коопсуздугуна кандай таасир эте тургандыгы тууралуу анализ жүргүзөт; - глобалдык проблемалардын өз ара байланышы, анд.агы адамдын коопсуздугу тууралуу долбоор даярдайт |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 14 | | Дин азыркы дүйнөдө. | 2 | 1. Дин жана диний көз караштар,<br>2. Дүйнөлүк диндер.<br>3. .Кыргыз Республикасындагы диний бирикмелер, диний экстремизмдин коркунучтуулугу. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү. | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Дин жана диний көз караштар, дүйнөлүк диндер тууралуу пикирин билдирет; - Кыргыз Республикасындагы диний бирикмелер, диний экстремизмдин коркунучтуулугу, динге болгон сабырдуулук тууралуу чыгармачыл эмгек даярдайт |
| 15 | | Медиасабаттуулук жана маалыматтык коопсуздук. | 2 | 1.Массалык коммуникациялар, маалыматтык коопсуздук<br>2.Социалдык маселелерди чечүүдө жоопкерчиликтүү мамиле жана тандоо укугу<br>3. Маалыматты кабыл алуу жана жеткирүүдөгү жоопкерчилик. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Массалык коммуникациялар, маалыматтык коопсуздук тууралуу өз көз карашын билдирет; - социалдык маселелерди чечүүдө жоопкерчиликтүү мамиле жана тандоо укугу, маалыматты кабыл алуу жана жеткирүүдөгү жоопкерчилик боюнча презентация<br>даярдап, айтып берет |
| 16 | | Саясий режимдер. | 2 | 1. Демократиялык режим.<br>2. Авторитардык режим.<br>3. Тоталитардык режим. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Саясий режим түшүнүгүнө аныктама берип, анын типтерин мүнөздөйт, негизги жана кошумча маалыматтарды топтоп, анализдеп, презентация даярдайт; - Кыргыз Республикасындагы демократия боюнча сурамжылоо жүргүзүп, жыйынтыктарын анализдейт. |
| 17 | | Адам укугун камсыздоонун эл аралык механизмдери. | 2 | 1. Адамдын укуктарынын жалпы Декларациясы.<br>2 .Кыргыз Республикасында Конституциясына ылайык адамдын кандай укуктары бар?<br>3.Адам укугун коргоо боюнча эл аралык институттар жана коргоо механизмдери. | Фронталдык,жекече суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Адам укугунун декларациясы, адам укугу боюн пактылар тууралуу маалыматтар менен иштейт коргоо боюнча эл аралык институттар жана кор механизмдери боюнча чыгармачыл эмгек даярд |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | | Шайлоо системалары жана демократия. | 2 | 1. Демократиялык шайлоолор, шайлоо системасы.<br>2. Шайлоо жана шайлануу укугу.<br>3. Өлкөнү башкарууга катышуу, Кыргыз Республика-сындагы шайлоо системасы. | Фронталдык,жеке суроолор, өз алдынча иш, тест,схема түзүү | ПК-2<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Демократиялык шайлоолор, шайлоо системасы, шайлоо жана шайлануу укугу түшүнүктөрүнө аныктама берип, алардын байланышын анализдейт; - өлкөнү башкарууга катышуу, Кыргыз Республика-сындагы шайлоо системасы тууралуу сурамжылоо жүргүзүп, жыйынтыктарын презентациялайт. |
| 19 | | Коррупция. | 2 | 1. Коррупция жана анын мааниси.<br>2. Коррупциялык инициаторлору.<br>3. Коррупцияны ооздуктоо чаралары жана мамлекеттик структуралардын үстүнөн коомдун көзөмөлдөөсүнүн укуктук механизмдери. | Фронталдык,жеке суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү | ПК-3<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Коррупция, анын себептери, күрөшүү тууралуу топторго бригип, долбоор иштеп чыгат; - коррупциянын коомго жана мамлекетке тийгизген терс таасирлери, анын алдын алуунун жолдору жана жоопкерчилик тууралуу маалыматтарга анализ жүргүзөт. |
| 20 | | Каржы жана каржы саясаты (Мамлекеттин социалдык саясаты). | 2 | 1. Мамлекеттин салык саясатынын маңызы, мамлекеттик бюджет түшүнүктөрү.<br>2. Салык салуунун принциптери, мамлекеттеги теңсиз-дикти кыскартуу методдору.<br>3. Мамлекеттик бюджеттин түзүлүшү жана түрлөрү, жергиликтүү бюджет. | Фронталдык,жеке суроолор, өз алдынча иш, тест,кластер түзүү | ПК-1<br>НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | Мамлекеттин салык саясатынын маңызы, мамлекеттик бюджет түшүнүктөрүнө аныктама берет;-салык салуунун принциптери, мамлекеттеги теңсиз-дикти кыскартуу методдору, мамлекеттик бюджеттин түзүлүшү жана түрлөрү, жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматтарды топтоп, презентация даярдайт. |
| Жалпы сааты: | | | 40 | | | | |

**Адам жана коом предмети боюнча жыйынтыктоочу суроолор.**

1. Адам деген ким?(Адамдын философиясы.)
2. Адамдын келип чыгышы.
3. Адам цивилизациясынын тарыхы.
4. Коомдун социалдык түзүмү.
5. Социалдык стратификация: мүнөздөмөлөрү, түрлөрү.
6. Коомдогу баарлашуу жана катнаштын маңызы.
7. Социалдык желелердеги баарлашуу.
8. Массалык маалымат каражаттарынын жоопкерчилиги.
9. Мыйзам чыгаруу бийлиги.
10. Аткаруу бийлиги.
11. Сот бийлиги.
12. Жарандын укуктары жана милдеттери.
13. Демократиялуу коомдогу укуктук мамлекет жөнүндөгү түшүнүк.
14. Жарандардын укугун жана эркиндигин коргоо-мамлекеттин милдети
15. Саясий партиялардын, кыймылдардын ишмердүүлү-гү, алардын коомдун турмушундагы ролу.
16. Партиялык система, алардын типтери.
17. Экономикалык айланым, экономикалык айланымдагы жеке чарбалар, ишканалар.
19. Мамлекеттер жана банктар.
20. Акча жүгүртүү,Акча массасы.
21. Эмгектин бөлүнүшү.
22. Эмгек келишимин түзүп, жумуш жана эс алуу убактысын аныктоо.
23. Рыноктук экономиканын принциптери жана түрлөрү.
24.Базар экономикасы жана пландуу эконмика.
25. Базар экономикасынын өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктар.
26. Индивид,Индивидуалдык,Инсан түшүнүктөрү.
27. Инсандын психологиялык түзүлүшү.
28. Инсандын калыптануусуна табигый жана социалдык шарттардын таасири.
29. Адамдагы биологиялык жана социалдык башталыштар
30. Өзүн-өзү баалоо, максатка умтулуу, жетишкендиктер.
31. Турмуштук багытты кантип туура тандоо керек? Өзүнүн жашоосунун сапаттуулугун кантип баалоого болот?
32. Глобалдык проблемалар, алардын планеталык мүнөздө курчушунун себептери жана аларды чечүүнүн жолдору.
33. Глобалдык проблемалардын өз ара байланышы.
34. Дүйнөлүк диндер.
35. .Кыргыз Республикасындагы диний бирикмелер, диний экстремизмдин коркунучтуулугу.

36. Массалык коммуникациялар, маалыматтык коопсуздук.
37. Социалдык маселелерди чечүүдө жоопкерчиликтүү мамиле жана тандоо укугу.
38. Маалыматты кабыл алуу жана жеткирүүдөгү жоопкерчилик.
39. Демократиялык режим.
40. Авторитардык режим.
41.Тоталитардык режим
42. Адамдын укуктарынын жалпы Декларациясы.
43. Кыргыз Республикасында Конституциясына ылайык адамдын кандай укуктары бар?
44. Адам укугун коргоо боюнча эл аралык институттар жана коргоо механизмдери
45. Шайлоо жана шайлануу укугу.
46. Өлкөнү башкарууга катышуу, Кыргыз Республика-сындагы шайлоо системасы
47. Коррупциялык инициаторлору.
48. Коррупцияны ооздуктоо чаралары жана мамлекеттик структуралардын үстүнөн коомдун көзөмөлдөөсүнүн укуктук механизмдери
49. Мамлекеттин салык саясатынын маңызы, мамлекеттик бюджет түшүнүктөрү.
50. Салык салуунун принциптери, мамлекеттеги теңсиз-дикти кыскартуу методдору

**5. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы.**
**5.1. Негизги адабияттар:**

1. Жаран таануу 9-11-класс. Мугалимдердин ресурстук китеби. -Бишкек- 2014.
2. Экономиканын негиздери. Мугалимдер үчүн методикалык окуу куралы. - Бишкек-2012.
3. К.Эсенканов. Адам жана коом. – Бишкек -2012.
4. Ө.Б.Саалаев. Мамлекет жана укук. - Бишкек – 2013.
5. К.Эсенканов Мамлекет жана укук негиздери. - Бишкек – 2003.
6. Жарандык жана мамлекеттик башкарууга катышуу. 1-2 бөлүм. - Б.,-2005.

**5.2. Кошумча адабияттар:**

1. Кут билим газетасы. 13.09.2013-ж. 9-бет.
2. Эралиев С.Н. Алгачкы жамааттын коомдун тарыхы. - Б.,-2014.
3. Борбордук Банк жана накталай акча жүгүртүү. Сынак үчүн маалыматтык-усулдук китепче. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы. - Б.,- 2003.
4. Ш.М.Мусакожоев. Экономиканын негиздери. – Бишкек – 2012
5. Г.Б. Айдарбеков Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы .Б., “Полиграф бум.ресурсы”, 2017.

**5.3. Программалык жактан камсыздалышы:**

**Мамлекеттик стандарттын жана атайын орто кесипттик окуу жайлардын програмаларынын негизинде:** ОПОП, стандарт, окуу китептери.

**5.4. Маалыматтык сурап билүүчү, издеп табуучу системалардын базасы.**

Санат билим.
https//goo.gi//images/ NQF8UH

**6. Дисциплинанын материалдык-техникалык жактан камсыздалышы:**

- кабинет
- карта
- таркатма материалдар
- слайддар
- проектор
- ноутбук
- доска